11. **Кененсариев, Т.** Переселенческий вопрос в политике царского правительства второй половины XIX - начала XX вв. (на материалах Киргизии) [Текст] / Т.Кененсариев // ИАНКССРОН. - 1989. - № 1.- С. 50-55.
12. **Бикбулатова, А.Р.** Татары Кыргызстана [Текст] / А.Р.Бикбулатова. - Бишкек, 2018.- 187 с.
13. **Емельянов, Н.** Движения населения [Текст] / Н.Емельянов // Материалы для статистики туркестанского края. - Ежегодник, 1872.- Вып.1.- С. 123-144.
14. **Кронгард, Г.К.** Население Киргизии в последней третиXIX -начале XXв. [Текст] / Г.К. Кронгард. – Фрунзе, 1989.- 144 с.
15. **Кронгард, Г.К.** Немцы в дореволюционном Кыргызстана [Текст] / Г.К.Кронгард. - Бишкек, 1995.- 132 с.
16. Обзор Семиреченской области за 1913, Обзор Сыр-Даринской области за 1910.
17. Материалы по обследованию туземного и русского старожильческого хозяйства и землепользования. собранные и разработанные по руководством П.П.Румянцева Т.7. Пишпекский уезд., Т.8. Пржевальский уезд -ПГ.-1916.- 603 с.
18. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Андижанский уезд.-Ташкент, 1913. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Наманганский уезд.-Ташкент, 1913.-199 с.
19. Материалы по землепользованию.кочевого киргизского населения южной части Ферганской области.(Ошский.Скобелевский и Кокандский уезды) -Ташкент, 1913. – 159 с.
20. Материалы по землепользованию.кочевого киргизского населения южной части Ферганской области.(Ошский.Скобелевский и Кокандский уезды) -Ташкент. - 230 с.


Поступила в редакцию: 26.09. 2024 г.

**УДК: 930.378**

***Алымбаев Ж.Б.***

*д.и.н., проф. Кыргызско-Турецкого универ. Манас, Кыргызская Республика*

***Абылкасым у. К.***

*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАДАНИЙ МОДЕРНИЗАЦИЯЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ (XX к. 20-30 жж)

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары 20-30-жылдары Кыргызстандагы маданий модернизациялоонун натыйжалары болуп саналат. Изилдөөнүн максаты: 20-30-жылдары Кыргызстандагы маданий модернизациялоонун негизги багыттары болгон-советтик билим берүү тармагын, сабатсыздыкты жоюу маселесиндеги жаңылануунун натыйжаларына анализ берүүгө аракет жасалат. Изилдөөдө адабияттарды талдоо, салыштыруу жана архивдеги тарыхый маалыматтарды анализдөө ыкмалары колдонулган. Жумушта Кыргызстандын шартында советтик билим берүү жана сабатсыздыкты жоюу маселеси бир бүтүн ажырагыс социалдык-экономикалык гана эмес саясий маселе экендиги белгиленет. Советтик билим берүү системасын түзүү үчүн 20-жылдары башталгыч мектептерди, мугалимдерди даярдоо максатында кыска мөөнөттүү курстар ачыла баштаган. 30-жылдары болсо, орто мектептердин саны өсүп, атайын орто билим берүү окуу жайлары, жогорку окуу жайлары түптөлгөндүгү белгиленет.*

***Негизги сөздөр**: билим берүү; орто мектеп; окуу жайлар; мугалим; сабатсыздык; план.*

# ИТОГИ КУЛЬТУРНОЙ МОДЕРНИЗАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА ( 20-30 гг. XX в)

*В данной работе предметом исследования являются итоги культурной модернизации Кыргызстана. Цель исследования: проанализировать результаты обновления советской сферы образования, которые были основными направлениями культурной модернизации Кыргызстана в 20-30-е годы, и проблему ликвидации неграмотности. В исследовании использованы методы анализа источников, сравнения и научно-исторические данные. Отмечается, что в условиях Кыргызстана ликвидация неграмотности и советское образование были тесно взаимосвязаны, что имело не только*

*социально-экономическое но и политическое значение. В целях создания советской системы образования были открыты краткосрочные курсы для подготовки начальных школ и учителей 20-х годов. В 1930-е годы увеличилось количество средних школ, были созданы средние специальные и высшие учебные заведения. Метод исследования: анализ исторических данных*

***Ключевые слова**: образование; средняя школа; учебные заведения; учитель; неграмостность; план.*

## RESULTS OF CULTURAL MODERNIZATION OF KYRGYZSTAN (20-30 years of XX century)

*The article attempts to analyze the results of the Soviet education sector renewal, which were the main direction of cultural modernization in Kyrgyzstan in the 20-30s, and the problem of illiteracy elimination. It is noted, that in the conditions of Kyrgyzstan, the elimination of illiteracy and Soviet education were closely interconnected, having not only socio-economic but also political significance. In order to create a Soviet education system, short-term courses were opened to train elementary school and teachers in the 20s. In the 1930s, the number of secondary schools increased, and specialized secondary schools and higher education institutions were established.*

***Key words**: education; secondary school; educational institutions; teacher; illiteracy; plan.*

Акыркы мезгилдеги илимий изилдөөлөрдө «модернизация» түшүнүгү кеңири колдонула баштап, «маданий модернизациялоо», «маданий революция», тагыргаак айтканда модернизациялоону салттуу коомдук түзүлүштүн трансцформацияланышы, жаңыланышы катары кабыл алуу пикири жаралууда.

Советтик илимде «маданий революция» түшүнүгүн биринчилерден болуп 1923-жылы В.И. Ленин өзүнүн «О кооперации» [1], аттуу эмгегинде, капитализмге каршы күрөшүүнүн бир формасы катары баалап караса, кийинчерээк илимде советтик маданияттын тарыхынын негизги концепциясы катары карала баштаган. Маданий революциянын түпкү максаты инсандын чыгармачылыгын гармониялуу өнүгүүсү үчүн шарт түзүү жана коммунизмди курууда жалпы адамзаттын бирдиктүү маданиятын калыптандыруу болгон.

Кыргызстандын шартында аталган максатка жетүү үчүн төмөнкү маанилүү милдеттерди ишке ашыруу зарыл болгон: советтик агартуу тармагын түптөө, орто жана жогорку окуу жайларды, маданий-агартуу тармактарын түзүү, сабатсыздыкты жоюу, көчмөн, жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу ж.б., маданий чөйрөнү жаңылоо, өзгөртүү, жалпысанан алганда советтик жаңы маданиятты калыптандыруу болгон. Демек, Кыргызстандын шартынан алып караганда маданий модернизациялоо - бул салттуу коомдук түзүлүштөн жаңы советтик түзүлүшкө, Кыргызстанды советтик модернизациялоого өткөрүү, тарыхый өнүгүүнүн өткөөл мезгили жаралган. Маданий модернизациялоону эволюциялык мүнөздөгү эмес, өнүгүүгө карай багытталган прогресс, тарыхый көрүнүш катары кабыл алуу зарыл.

20-30 жж. Кыргызстандын шартында жогорудагы маданий модернизациялоо программасын ишке ашыруу маанилүү мамлекеттик дэңгээлде жүргүзүлгөн иш-чаралардын бири болуп, 30-жылдардын аягында Кыргызстандын социалдык-экономикалык, маданий тармагы ири өзгөрүүлөргө дуушар болгон. 20-30 жж. Кыргызстандагы маданий модернизациялоонун натыйжаларына токтолуп өтөлү.

***Советтик агартуу тармагын модернизациялоо.*** Совет бийлигинин алгачкы жылдардагы милдеттеринин бири советтик билим берүү системасынын калыптандыруу болгон. Кыргызстандын шартында башталгыч, орто мектептерди, орто жана жогорку окуу тармактарын түзүү кечиктирилгис чаралардын бири эле. Белгилей кетсек, революцияга чейинки доордо Кыргызстандын аймагында билим берүү тармагы жетиштүү өнүккөн эмес. Исламдык мүнөздөгү билим берүү менен катар орус-тузем мектептери гана калыптанган. XIX

к. аягында ачылган орус-тузем мектептеринде орус чиновниктеринин жана жергиликтүү бай катмарлардын балдары окушуп, калктын калың катмарын камтый алган эмес. Колониалдык бийлик Орто Азиянын аймагында бир дагы жогорку окуу жайын ачкан эмес. Маселен, 1914-1915-окуу жылында 107 мектеп болуп, анда 7040 окуучу билим алышкан [2]. Мындай көрүнүш калктын негизги массасы билим алууга тартылган эмес экендигин көрсөтөт.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле, ТүркАССР-де элге билим берүүнү уюштуруу боюнча практикалык иштер жүргүзүлө баштаган. Алгачкы ирет 1918-жылы Пишпекте элге билим берүү уезддик Совети, кийинчерээк Ош уезддик элге билим берүү Совети, Пржевальск уезддик элге билим берүү Совети уюштурулган. 1919-жылдын башында кыска убакыттын ичинде Кыргызстандын бардык жеринде элге билим берүү органдары түзүлүп бүткөн. Алсак Жалал-Абад райондук, Ош жана Пржевальский уезддик, Пишпек уезддик-шаардык, Токмок уезддик-шаардык, Нарын уездик-шаардык билим берүү бөлүмдөрү түзүлгөн [3].

1918-1923-жылдары ТүркАССР билим берүүнүн укуктук-нормативдик базалары иштелип чыгып, билим берүү органдары түзүлгөн. Конфессионалдык билим берүүнү реорганизациялоо, чиркөөнү мамлекеттен бөлүү, жаңы советтик билим берүү системасын түзүү үчүн күрөш жүргөн. 20-жылдардагы билим берүү тармагында жүргүзүлгөн өзгөчөлүктөрдүн бири, көчмөн, жарым көчмөн шартта жашап келген кыргыздарды “чогуу окутуу” тарбинин киргизүү, мектеп имараттарын түптөө, советтик жаңы типтеги мектептерди куруу башталган.

Билим берүү тармагындагы актуалдуу маселелердин бири мугалимдердин жетишсиздиги болгон. Аталган кыйынчылыктан чыгуу максатында, мугалимдик курстарды ачуу, кайра окутуу, борбор шаарларга жөнөтүү ыкмалары колдонула баштаган. Алсак, Пишпекте 1919-жылдын ортосунан тарта мугалимдерди даярдоочу кыска мөөнөттүк курстар, 1921-жылдан баштап Пржевальскде 2 айлык, 1923-жылы Пишпекте 3 айлык курстар ачылып иштей баштаган [4]. Мугалим кадрларын даярдоого башка республикалардын көрсөткөн жардамы да чоң болгон. К. Каракеев бегилегендей, 1919-жылы 300 адам кыргыз мектептеринин мугалимдери үчүн Алма-Ата шаарында кыска мөөнөттүк курстан өтүшкөн. 1920-жылы болсо, Ташкент шаарындагы Агартуу институтунда Кыргызстандан 37 адам билим алышкан [4]. Советтик билим берүү системасын түзүүдөгү кыйынчылыктарга карабастан, агартуу тармагы өзгөрүүлөргө учурай баштаган. Алсак, 1924-1925-окуу жылында Кыргызстандын аймагында 177 мектеп ачылып, анда 5740 окуучу билим ала баштаган [4].

Жаңы калыптана баштаган советтик мектеп тармагында бир катар кемчиликтер орун алган. Алардын катарына: материалдык-техникалык базанын начардыгы, квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги, окуу куралдарынын эне тилиндеги жоктугу, окуу процессинин системалашпагандыгы. 1924-1929-жылдары РСФСР курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялуу облусу, Кыргыз Автономиялуу ССРи түзүлүшү менен билим берүү тармагы айрым өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Мектеп тармагы, окуучулардын контингенти өзгөрүлүп, аялдарга билим берүү, профессионалдык-техникалык билим берүү тармагы түптөлгөн.

Кыргызстандын аймагында алгачкы профтехникалык окуу жайлары ачыла баштаган. Алгачкы түптөлгөн профтех окуу жайлардын катарына: профтехникалык мектептер, техникумдар, горпромуч (тоо-кен-өнөр жай училищасы, конторгуч (контордук-соода училищасы, стройуч (курулуш училищасы), акушердик курсу, кустардык-кол өнөрчүлүк мектеби ж.б. пайда болгон. “Горпромуч” 1923-жылы Кызыл-Кыя шаарында ачылып, анда шахтада иштеген жумушчулардын балдары билим ала баштаса, ушул эле 1923-жылы Ош округунда “Горпромуч” мектеби иштей баштаган [5]. Кызыл-Кыя шаарындагы “Горпромуч”

училищанын базасында кийин тоо-кен техникуму түзүлгөн. Оштогу “Горпромуч” мектебин 1927ж. - 6, 1928ж. - 9, 1929ж. - 4 киши бүтүрүп, мектеп 2 адистик: тоо адистиги, тоо-механик адистерин даярдашкан [5]. Архивдик маалыматтар боюнча 1928-29-жылдары Кыргызстандын аймагында 12 профтехникалык окуу жайы болуп, анда 992 адам билим алган [6]. Профтехникалык билим берүү тармагында даярдалган жаңы кадрлар, келечектеги жумушчу катмарынын, улуттук интеллигенциянын түптөлүшүнө шарт түзүшкөн.

Алсак, 1927-жылга карата Кыргызстанда биринчи тепкичтеги 468 мектеп, 7 жылдык 9 мектеп, экинчи тепкичтеги 3 мектеп болгон. Мындан сырткары педтехникум, агартуу институту, 2 айыл чарба техникуму, 3 профессионалдык мектеп, 2 советтик партиялык мектеп иштеп турган [2].

Материалдык-техникалык кыйынчылыктарга карабастан, билим берүү тармагындагы көрсөткүчтөр 30-жылдары 20-жылдарга салыштырмалуу өзгөрүүгө учураган. 1934-жылы жана 1937-жылдар аралыгындагы мектептердин абалын төмөнкү табл. 1-ден салыштырып көрүүгө болот [8] (1 таблица).

1 таблица. - 1934-жылы жана 1937-жылдар аралыгындагы мектептердин абалы

| Жылдар | Мектептердин саны | | | | Класстардын саны | Окуучу-лардын саны | окуучулардын санынын % өсүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Баштапы мектеп | Толук эмесорто | Орто | Баары | | | |
| 1934-ж | 1 562 | 150 | 19 | 1731 | 4 885 | 155 250 | 100% |
| 1937-ж | 1 561 | 203 | 35 | 1754 | 7 568 | 224 859 | 44.8% |

1 таблицадан көрүнгөндөй, 3 жыл аралыгында бардык мектептерде окуган окуучулардын саны 44,8% өскөндүгү жетишсиз көрсөткүч экендигин белгилесек болот. Балдардын окууга катталуусу боюнча статистикалык маалыматтар бирдей санды көрсөткөн эмес. Окууга катталган балдардын саны боюнча да айырмачылыктар болгон. Маселен, партиянын областык отчетунда (1 таблица) 224 859 көрсөтүлсө, элге билим берүү комиссариатынын маалыматы боюнча мектеп жашындагы балдардын 92,0 % мектепке тартылгандыгы көрсөтүлгөн [8]. Отчетто белгилегендей, көрсөтүлгөн цифраларды чындык катары кабыл алууга болбойт, анткени метептен алыс жайгашкан, жолу татаал, көчмөн, жарым көчмөн тоолуу райондордо балдар кышкысын мектепке барууга шарты болгон эмес. Ал эми түзүлгөн отчеттор реалдуу көрүнүш эмес, кагаз жүзүндөгү формалдуу жагдайды сүрөттөгөн.

Ошол эле учурда балдардын мектепке катталуусу туурасындагы цифраларда бир канча кемчиликтерди байкоого болот:

- алыскы кыргыз кыштактарында балдардын мектепке тартылуусу бир топ артта калгандыгы байкалган. Алсак, 1934-жылы кыргыз мектептерде 78 916 окуучу окууса, 1937-жылы болсо 102 304 окуучу окушкан. Окуучулардын санынын үч жыл аралыкта 44,8% өсүшүнө салыштырмалуу бул аралыктагы өсүү 29,6% түзгөн [8];
- кыргыз мектептеринде билим алышкан балдардын абалы да жакшы болгон эмес. 1937-жылы кыргыз мектебинин 1- классында окугандардын саны 45 945 жалпы окучуулардын 56% түзсө; 3-класста 16 258 окуучу билим алып, алар 43,9%; 5- класста болсо 3 495 окуучу болуп, алар 25,9% түзсө; 7-класста 374 окуучу гана билим алып, алар 8,3% түзүшкөн. Ал эми 9 жана 10-класстарда болсо окуган кыргыз балдар такыр болгон эмес

[8]. Мындай көрүнүштү тоолуу аймактарда салттуу мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк үстөмдүк кылып, бойго жеткен балдар-кыздардын эмгегине муктаждык жаралгандыгын далилдейт;

- жогорудагыдай эле көрүнүш жогорку класста окушкан кыздардын мектепке баруусунун начардыгын көрүүгө болот. Алсак, 1 120 кыргыз мектептеринде 1937-жылга карата 42 125 кыздар окушуп, алар мектепте окугандардын 41,7% түзгөн. Ал эми кыздардын класстар боюнча каталуусу төмөнкүдөй болгон: 1- класста окугандар 48,7%; 3- класста окугандар 33,9%; 5-класста окугандар 27,4%; 7- класста окугандар болгону республика боюнча 77 кыз болушкан [8]. Кыздардын билим алууга карата болгон мамилесинин солгун болушу, салттуу үрп-адаттын бекем сакталышы жана диний факторлор менен байланыштырууга болот.

Мектептерди тийиштүү педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу жетишсиз бойдон кала берген. 1937-жылдагы маалыматка таянсак, Кыргызстандын мектептеринде 6 477 мугалим гана иштеп турган. Алардын көпчүлүгү атайын педагогикалык билими гана эмес, жетиштүү жалпы билимге да ээ болушкан эмес. Мугалимдердин көпчүлүгү кыска мөөнөттүү курстарды бүтүшкөн кадрлар болушкан. Республика боюнча кыска мөөнөттүү мугалимдик курстарга болгон талап жогору бойдон кала берген.

30-жылдардын аягында деле болсо, кыргыз жаштарынын орто, жогорку окуу жайларында билим алууга карата умтулуусунун төмөн болгондугун байкоого болот. Отчетто көрсөтүлгөндөй 1936-жылга карата республика боюнча 12 техникум, 5 орто медициналык окуу жайы болуп, анда 3 048 студент билим алса, анын 1 430 ( 46,9% ) кыргыздар болушкан [8].

Ал эми Кыргызстандын аймагында 1932-1933-жылдары 2 жогорку билим берүүчү педагогикалык жана зооветеринардык окуу жайы гана болгон. 1937-жылга карата педагогикалык окуу жайында 4 факультетте окууган 283 студенттин 27 гана кыргыз болгон. Ал эми 1936-жылы пединститут биринчи бүтүрүүчүлөрүн чыгарса, алардын 13 гана кыргыз болгон. Зооветеринардык институтта 1936-жылы 209 студент билим алган болсо, алардын 55 кыргыздар, 1936-жылы 70 студент кабыл алынса, анын 13 гана кыргыз болушкан. Демек, кыргыз жаштары социалдык-экономикалык, айрым жерлерде диний факторлордун таасири астында жогорку билим алууга болгон пассивдүүлүгү сакталып кала берген. Шаарга келип билим алуу чоң экономикалык гана эмес социалдык маселени жараткан.

***Сабатсыздыкты жоюу маселеси.*** 30-жылдардын аягында деле сабатсыздыкты жоюу республикадагы актуалдуу маселелердин бири бойдон кала берген. Отчеттук маалыматтарга таянсак 1934-жылга карата сабатсыздарды окутуу планы 22,6%, 1935-жылы 38,3%, 1936-жылы 61,8% аткарылган [8]. Партиялык, комсомолдук, профсоюздук уюмдар сабатсыздыкты жоюу боюнча иш-аракеттерди туруктуу алып барышкан эмес. 1937-жылы Кыргыз Республикасында сабатсыздыкты жоюуну толук аяктоо планы каралган, бирок аталган программа ишке ашкан эмес.

Маселен, тарыхый документтерде 1934-1935-жылдарга карата сабатсыздарды окутуу планы дагы аткарылбагандыгы белгиленип, 100 000 сабатсыз адамды окутуу пландалса, анын ичинен 37,6 миңи, 40 000 чала сабатсыздан – 16 100 гана окутулган. 1935-1936-жылдары 128 000 сабатсыз, 53 200 чала сабатсыздарды окутуу милдети кабыл алынган [9]. Өзгөчө орто муундагылардын сабатсыздыгын жоюу, аларды билим алууга тартуу кыйынчылыкты жараткан. Өкмөт 1935-1936-жылдары сабатсыздыкты жоюу кампаниясында партия “бурулуш” жасоону максат кылып, жергиликтүү бийликтерге жаңы милдеттерди жүктөгөн. Буга далил катары паритянын маданий-агартуу бөлүмүнүн орун басары Гуревичтин

отчетуна таянсак: “1936-жылы май айында 18-50 жашка чейинки сабатсыз адамдарга каттоо жүргүзүлүп, алар 233 000 адамды түзгөн. 1936-жылга карата Обком 100 000 сабатсыз, 20 000 чала сабатсыз адамды окутуунун чечими кабыл алынды” деп жазат [10]. Наркомпростун маалыматы боюнча 1937-жылдын 1- январына карата республика боюнча: 61 862 сабатсыз жалпы (61,8%), чала сабатуулар 26 404 (132%) адамды түзгөн [6]. Областык партия комитети сабатсыздык кампаниясын 1937-жылга карата толук аяктоо планын аткаруу үчүн 188 700 сабатсыздарды жана 32 000 чаласабатсыздарды окутуу тапшырмасын койгон [6]. Бирок аталган милдеттер иш жүзүндө аткарылган эмес.

Кыргызстандагы жана башка мурунку союздук республикаларда сабатсыздыкты аяктоонун мөөнөтү боюнча бир катар пикирлер айтылып келүүдө. Окумуштуу Ж. Джунушалиевдин пикири боюнча, “чоңдордун арасындагы сабатсыздыкты жоюу согуш жылдарына чейин, андан кийин деле эмес, 60-жылдардын орто чейин аяктаган эмес [11]. Ал эми 1939-жылы эл каттонун маалыматына таянган И.В. Глушенко СССР боюнча сабаттуулар 81,2% түзгөн [12]. 1940-жылы 23-октябрындагы РСФСР Элдик агартуу комиссариатынын буйругу менен элдик билим берүү бөлүмүнө сабатсыздыкты жоюуну 1943-жылдын 1-январына чейин аяктоону буйруган, бирок согуштун башталгандыгына байланыштуу официалдуу жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк болгон эмес [12]. Ал эми Л.Р. Муртазиндин пикири боюнча 1962-жылы 31-июлда Коммунисттик партянын Борбордук комитетинин секретариатынын жабык чогулушунда “О завершении ликвидации неграмотности” токтомунун кабыл алынышы сабатсыздыкты жоюунун аяктагандыгын негизги аргумент катары сунуштаган [13].

## Жыйынтык

Акыркы изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой, Ж. Джунушалиев, И.В. Глушенко, Л.Р. Муртазин, жана башка окумуштуулардын пикири боюнча, союз сабатсыздыкты жоюу XX к. 60-жылдары аяктаган - деген тыянакты чыгаруу тарыхый чындыкка туура келери белгиленди.

## Колдонулган адибияттар тизмеси:

1. **Ленин, В.И.** О кооперации [Текст] / В.И.Ленин // Полное собрание сочинений.- Изд. 5-е. -Т. 45.
2. Культурное строительство в Киргизии 1918-1929 [Текст] / Сборник мат.-Т.1.-Фрунзе, 1957.
3. **Измайлов, А. Э.** Очерки по истории Советской школы в Киргизии за 40 лет (1917-1957 гг.) [Текст] / А.Э.Измайлов. - Фрунзе, 1957.
4. **Каракеев, А.** Развитие народного образования в Советской Киргизии [Текст] / А.Каракеев.- Фрунзе, 1962.
5. ЦГА КР. Ф-688,оп.1. ед.хран-360.// Докладная о состоянии народного образования и нового алфавита в Ошском округе // Джала-Абадском и Ошском кантонах.
6. ЦГА ПД.КР. Ф-10.оп.2. ед хран.814 // Доклад о состоянии народного образования по Кир.АССР// Докладные записки и переписки с кантонами, райкомами. Окуружкомами ВКП(б) и Наркомпросом Кир АССР по народному образованию.
7. Культурное строительство в Киргизии 1918-1929 [Текст]: сборник мат. - Т.1.- Фрунзе, 1957.
8. Материалы к отчету областного комитета первому съезду КП(б) Киргизи ( за 1934-1937гг.).- Фрунзе, 1937.
9. Культурное стрительство в Киргизии (1930-1941гг) [Текст]: сборник мат.-Т.II-Фрунзе, 1960.
10. ЦГА.ПД.Ф.1. ед. хран.945. //Зам,зав. Культпросвет.отдела КИр ОК.ВКП(б) Гуревич:“По ликвидации неграмотности среди взрослого населения Киргизской ССР”//“Докладные записки и переписка с наркоматами, техникумами, школами, районо о ликвидации неграмотности и малограмотности республики, обследованию техникумов, состоянии школ”.
11. **Джунушалиев, Дж.** Время созидания и трагедий [Текст] / Дж. Джунушалиев // 20-30-е годы.- Бишкек, 2003.
12. **Глушенко, И.В.** Советский просветительский проект: ликвидация неграмотности среди взрослых в 1920-1930-е годы [Текст] / И.В.Глушенко // Вопросы образования.- 2015.- №3.

13. **Муртазина, Л.Р.** Педагогический анализ деятельности ликбезов (на примере республики Татарстан) [Текст] / Л.Р. Муртазина. - Казань, 2002.

Поступила в редакцию: 08.10. 2024 г.

**УДК: 39:392/395(575.2)**

***Ахмедова (Охунова) Г.А.***
*ст.преп. Кыргызско-Узбекс. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## ОШ ШААРЫНДАГЫ ӨЗБЕКТЕРДИН ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮНӨН КИЙИН ӨТКӨРГӨН КААДА САЛТТАРЫ ЖАНА ИШ-ЧАРАЛАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары Ош шаарындагы өзбектердин үйлөнүү тоюнан кийинки каада-салттары жана жөрөлгөлөрү каралып жатат. Изилдөөнүн максаты: Ош шаарындагы өзбектердин үйлөнүү тоюнан кийинки каада-салттары жана жөрөлгөлөрүн таанышуу болуп саналат. Үйлөнүү үлпөтүнөн кийин өзбектер жамааттык социалдык жана маданий турмушунда маанилүү элемент болгон өзгөчө каада-салттарын сактап калышат. Изилдөөдө «үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки кабыл алуулар», кыз менен күйөө баланын туугандарынын өз ара зыяраттары, жаңы келинди күйөөсүнүн үй-бүлөөсүнө өткөрүп берүү менен байланышкан ырым-жырымдар, ошондой эле белектердин жана сый-урматтын символикалык маанисине көңүл бурулган. Келиндин жаңы үй-бүлөгө кошулуу процессине жана анын үй-бүлөөлүк байланыштарды чыңдоодогу ролуна өзгөчө көңүл бурулат. Бул каада-салттардын үй-бүлөө жана коңшулук мамилелерди чыңдоо, маданий өзгөчөлүктү сактоо жана салттуу баалуулуктарды өткөрүп берүү сыяктуу негизги функциялары аныкталган. Бул практикаларды талдоо менен, алар каада-салтты, үй-бүлөнү жана бүтүндөй коомчулукту сыйлоо баалуулуктарын чагылдырганын көрүүгө болот. Макала жер-жерлерде жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, Ош шаарынын тургундары менен болгон маектерге, ошондой эле этнографиялык булактарга талдоо жүргүзүүгө негизделген, бул бизге үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки ырым-жырымдардын заманбап шарттарда сакталышы өзгөрүшү жана боюнча ар тараптуу түшүнүк алууга мүмкүндүк берет.*

***Негизги сөздөр:*** *үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки ырым-жырымдар "жүз ачты", "келин көрдү", "ата көрдү"; Оштун өзбектери; үйлөнүү үлпөттөрү; үй-бүлөлүк каада-салттар.*

## ТРАДИЦИИ И МЕРОПРИЯТИЯ УЗБЕКОВ ГОРОДА ОШ ПОСЛЕ СВАДЕБНОЙ ЦЕРЕМОНИИ

*В данной работе предметом исследования рассматриваются традиции и мероприятия, связанные с постсвадебными обрядами узбеков г. Ош. Цель исследования: изучить традиции и мероприятия, связанные с постсвадебными обрядами узбеков города Ош (Киргизия). После проведения свадебной церемонии у узбеков сохраняются особые обычаи, которые представляют собой важный элемент социальной и культурной жизни общины. Исследование уделяет внимание таким аспектам, как «послесвадебные приемы», взаимные визиты родственников жениха и невесты, обряды, связанные с передачей новобрачных в семью мужа, а также символическое значение даров и угощений. Особое внимание уделено процессу интеграции невесты в новую семью и её роли в укреплении семейных связей. Выявлены основные функции этих обычаев, такие как укрепление родственных и соседских отношений, поддержание культурной идентичности и передача традиционных ценностей. Анализируя эти практики, можно увидеть, как они отражают ценности уважения к традициям, семьям и общности в целом. Статья опирается на полевые исследования, интервью с жителями г. Ош, а также на анализ этнографических источников, что позволяет получить всестороннее представление о трансформации и сохранении постсвадебных обрядов в условиях современности.*

***Ключевые слова:*** *постсвадебные обряды «жүз ачты», «келин көрдү», «ата көрдү»; узбеки Оша; свадебные традиции; семейные обычаи.*